УДК 316.346.2-055.25(575.2)
DOI 10.35254/bsu/2024.68.17

***Сабырова Э. С.***
*К. Карасаев атындагы БМУ*
*педагог. илим.канд., доцент,*
***Алымбаева Б. Б.***
*Кыргыз билим берүү академиясы*
*Тарбия, социалдаштыруу жана*
*мектептен сырткаркы*
*кошумча билим берүү*
*лаборат. башчысы*

# КЫЗ - КЕЛЕЧЕК МУУНДУН НЕГИЗИ: КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КЫЗДАРДЫН РОЛУ ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада азыркы кыргыз коомундагы тез социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөрдү эске алуу менен келечек муундун негизи катары кыздардын мааниси баса белгиленет. Үй-бүлөдө кыздарды тарбиялоонун, алардын билим берүүдөгү, саясаттагы жана коомдук мамилелердеги ролунун мааниси изилденип, туруктуу өнүгүүгө жана социалдык адилеттүүлүккө жетүү үчүн аларды колдоонун зарылдыгы баса белгиленет. Бул макалада бүгүнкү дүйнөдө кыздар туш болгон көйгөйлөр талкууланып, аларды жеңүү үчүн стратегиялар сунушталат. Кыздарынын бирдей мүмкүнчүлүктөрүн, баалуулуктарын жана социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда энелердин ролу баса белгиленип, Кыргызстанда ийгиликтүү жана өнүккөн коомду куруу үчүн кыздарга инвестиция кылуу жана аларды өнүктүрүү өтө маанилүү экендиги жыйынтыкталат.

**Түйүндүү сөздөр**: кыздар, келечек муун, кыздардын ролу, билим берүү, саясат, тарбиялоо, гендердик теңчилик, улуттук тарбиялоо, социалдык өзгөрүү, кыздардын укугу.

***Сабырова Э. С.***
*канд.пед.наук, доцент*
*БГУ имени К. Карасаева,*
***Алымбаева Б. Б.***
*Кыргызская академия образования,*
*Зав. лабораторией воспитания,*
*социализации и внешкольного*
*дополнительного образования*

# ДЕВУШКА – ОСНОВА БУДУЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ: В КЫРГЫЗСТАНЕ РОЛЬ И ВОЗМОЖНОСТИ ДЕВОЧЕК

**Аннотация**

Статья посвящена роли девушек как основы будущего поколения в современном кыргызском обществе. Рассматривается актуальность темы в условиях быстрых социально-экономических и культурных изменений. Анализируется значимость воспитания девочек в семье,

их роль в образовании, политике и социальных отношениях. Подчеркивается необходимость укрепления прав и возможностей девочек для достижения устойчивого развития и социальной справедливости. Обсуждаются проблемы, с которыми сталкиваются девушки в современном мире, и предлагаются стратегии их решения. Особое внимание уделяется роли матери в воспитании дочерей, формировании их ценностей и социальных навыков. Делается вывод о том, что равные возможности, поддержка и развитие девочек являются ключом к построению успешного и процветающего общества Кыргызстана в будущем.

**Ключевые слова:** девочки, будущее поколение, роль девочек, образование, политика, образование, гендерное равенство, национальное воспитание, социальные изменения, права девушек.

***Sabyrova E. S.***
*Ph.D and about. assoc.*
*of BSU named after K.Karasaev,*
*Candidate of Pedagogical Sciences*
***Alymbaeva B. B.***
*Kyrgyz Academy of Education*
*head of the education laboratory,*
*socialization and extracurricular*
*additional education*

# GIRL IS THE BASIS OF THE FUTURE GENERATION: IN KYRGYZSTAN ROLES AND OPPORTUNITIES OF GIRLS

**Abstract**

This article emphasizes the importance of girls as the foundation of the future generation in modern Kyrgyz society, given the rapid socioeconomic and cultural changes. Examine the significance of girls' upbringing in the family, their role in education, politics, and social relations, and stress the need to empower them to achieve sustainable development and social justice. This article discusses the challenges faced by girls in today's world and offers strategies for overcoming them. It underlines the role of mothers in shaping their daughters' equal opportunities, values, and social skills and concludes that investing in and nurturing girls is crucial for building a successful and thriving society in Kyrgyzstan.

**Keywords:** girls, the future generation, the role of girls, education, politics, education, gender equality, national education, social change, girls' rights.

Учурда кыздардын коомдогу, экономикадагы, саясаттагы жана маданияттагы орду кызуу талкууланууда. Келечек муунду калыптандырууда негизги фигура боло турган жаш кыз-келиндерге өзгөчө көңүл бурулат. Бул макалада билим берүү, саламаттыкты сактоо, лидерлик жана коомдук активдүүлүктүн объектилери аркылуу келечек муундун пайдубалы катары кыздардын ролу каралат. Кыргызстанда болочок муундун негизи катары кыздардын ролу темасынын актуалдуулугу өлкөдө болуп жаткан тез социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында өзгөчө маанилүү. Акыркы жылдары Кыргызстанда гендердик теңчиликти бекемдөө жана аялдардын коомдогу ролун жогорулатуу багытында олуттуу кадамдар жасалууда. Келечек муундун негизги пайдубалын түзүүдө, кыздардын ролун эске алуу, өлкөдө

болуп жаткан социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөрдүн шартында өзгөчө актуалдуу. Кыргыз кызы – кыргыздын улутунун күзгүсү. Кыргыз коомунда, үй-бүлөдө болсун, коомчулукта, тарбияда болсун кыздардын орду абдан чоң.

Улуттун жүзү болгон соң, улуттук баалуулуктарды, каада-салтты, салттуу билимдерди, эң башкысы нукура кыргыз келбетин алып жүрүүгө милдеттүү. Ал үчүн акыл-көрөңгө зээндүү болуш керек. Өзгөчө билим жагын карасак, Кыргызстандын кыздары билим алууда көптөгөн жыйынтыктарга жетишүүдө. Кыргызстанда кыздар менен балдар үчүн бирдей билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча жигердүү чаралар көрүлүүдө. Билим берүүдөгү гендердик ажырымды кыскартууга багытталган программалар азыртадан эле оң натыйжаларды берип жатат. Бирок аялдардын билим деңгээли жогору болгонуна карабастан, алардын эмгек рыногуна катышуусу жана ээлеген кызматтары көбүнчө алган билимине дал келбейт. Бул маданий стереотиптерге жана эмгек рыногунда бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугуна байланыштуу. Кыргызстандын экономикасына аялдардын катышуусу жай, бирок сөзсүз түрдө өсүүдө. Аялдардын ишкердик демилгелерин колдоо, ошондой эле жетекчи кызматтарда аялдардын санын көбөйтүү өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн тездетүүгө жардам берет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, аялдардын экономикалык катышуусу өлкөнүн өсүшүнө жана коомдун жалпы бакубаттуулугуна түздөн-түз байланыштуу.

Баланын алгачкы өсүп-өнүгүүсү, калыптануусу үй-бүлөдөн башталгандыктан, ата-эненин балдарына берген эң мыкты белеги – анын татыктуу тарбиясы деп айтабыз. «Куш уядан эмнени көрсө учканда ошону алат» демекчи, баланын өз алдынча калыптануусу, коомдогу орду, мунун баардыгы ата-энеге байланыштуу. Балалык – ар бир адамдын турмушундагы унутулгус учур. Ал жакшынакай элестер жана шайыр турмуш, жылуу күн нуру, ата-эненин сүйүүсү жана камкордугу менен толукталат. Дал ошол нерсе үй-бүлөдө алгачкы ирет баланын айлана-чөйрө, жакшылык жана ак ниеттик, жоопкерчилик жана милдет жөнүндө түшүнүктөрү бала кезден кыялы, алган тарбиясы анын инсан катары калыптанышына таасир этет [1,78б ].

Үй-бүлө гана баланын толук кандуу жетилүүсүнө өбөлгө болуп, адамгерчиликтүү сапаттарга тарбиялай алат. Ошондон улам бала үчүн ата-эне үлгү.

Бала түлөк кезинен жан дүйнөгө сиңирген тарбия өмүр бою адамды коштоп жүрөөрү, ал адамдын турмуш жолу, ошол алган тарбияга тыгыз байланыштуулугутурмуштун жазылбаган мыйзамдарынын бири.

Кыз – келечек муундун пайдубалы. Бала муундун коргоочусу, дубалы жана тиреги дешет.

Чынында эне үчүн кыздуу болуу – бул чоң бакыт. Кыз апасынын жардамчысы, сырдашы, кеңешчиси, жөлөгү. Ар бир эне кызынын бактылуу болушун каалап, келечектеги жашоого даярдайт, туура тарбия берүүгө аракет кылат.

Заманбап дүйнөдө келечек муундун негизи катары кыздын ролу барган сайын маанилүү болуп баратат. Бул коомдун социалдык, экономикалык жана маданий түзүлүштөрүндөгү өзгөрүүлөрдү чагылдырган бир катар факторлор менен шартталган. Заманбап экономика аялдардын эмгекке катышуусунун маанилүүлүгүн барган сайын көбүрөөк түшүнүүдө. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, кыздардын коомго катышуусу туруктуу коомдук өсүшкө жана өнүгүүгө салым кошот. Сапаттуу билим алып, карьералык мүмкүнчүлүккө ээ болгон кыздар өз өлкөлөрүнүн тарбиясына чоң салым кошо алышат. Бул алардын ролун келечек муундар үчүн гана эмес, азыркы жашоонун бакубаттуулугу үчүн да маанилүү болот.

Кыз балага эң биринчи энеден мээримдүүлүктү үйрөнүш керек, анткени ар бир кыз

болочоктогу эне. Бирок акыркы жылдары көп энелер өзүнүн канынан жаралган балдарды өлтүрүп же болбосо таштап кетүүдө. Мээримдүүлүк, жылуулук көрбөгөн кыздар чоңойгондо агрессивдүү, ташбоорурак болуп чоңоюшуп, анан ошол кыздар өздөрү балдарына кандай тарбия бере алышат?

Жеткиликтүү кыз балага тарбия берүү үчүн, аны келечекте жакшы инсан катары тарбиялоодо эң биринчи эненин жүрүм-туруму үлгү болот [2].

Аялзаты – үйдүн куту дейбиз. Жакшы эненин колунан көөр төгүлүп, үйүнө кирсең жылуулуктун нуру чачылып, мээримдүүлүккө бөлөнгөнсүп турат.

Эң биринчи эне кызын тазалыкка, тыкандыкка үйрөтүп, кийимди да өтө ачык кийгизүүгө болбойт. Атаңдын, агаларыңдын көзүнчө уят деп эскертип, колдон келсе кыргыз элибиздин улуттук кийимдерине көбүрөөк маани беришсе [3, 90б ].

Көчөдө кыздар саркеч кийинишсе, ашынып кеткен ачык жери болбосо. Кыз бала назик жан, ошого ачык кийинген кийимдер жаман жагын белгилейт. Чачын сапсаңдатып кое бербей, тыкан кылып өрүп койсо же түйүп алса кыздын көркүн, ажарын ачат. Орой, кыйкырбай акырын сүйлөсө анын маданияттуулугу билинет. Тамеки тартып, ичкилик ичип, оозго албаган жаман сөздөрдү сүйлөсө, бирөөнү алдап, жалган сүйлөсө, бирөөнү шылдыңдаса, керсейип бой көтөрсө – бул кыздын тарбиясы кандай экени билинет.

Коомубуздун түптөлүшү, улуттун ден соолугу жана келечеги – мыкты кыздардын гана колунда.

Илгертеден "кыздын кырк чачы улуу" деп кыздын касиетин, намысын, назиктигин, кайратын айтып келишкен.

Журт коргогон баатырларды, эл сактаган эрендерди, калк башкарган кеменгерлердин баарын жакшы тарбия көргөн келиндер шыктандырган, бийиктикке таасирленткен.

Улуттун баалуулугун, салт-санаасын аялзаты алып жүрөт. Анткени, эне кийинки муунду тарбиялоочу – мектеп. Бала энеден көбүрөөк таасирленет.

Эне болуу бактысына эгедер болгон ар бир аялзаты мактоого, даңктоого арзыйт. Эне жөнүндө орустун улуу педагоггдорунун бири Константин Дмитриевич Ушинскийдин оюу боюнча «эне – биринчи мугалим, биринчи тарбиячы, үй-бүлө – биринчи мектеп» - деп айтып кеткен экен.

Үй-бүлөдөгү эң чебер жана акылман – эне турбайбы. "Аял үйдүн куту, турмуштун туткасы", - деп бекеринен айтылбаса керек. Анткени, баланы үй-бүлөдө тарбиялоодо эненин эмгеги, түйшүгү абдан зор. Себеби бала жарык дүйнөгө келип, көзүн ачканда эң биринчи энесин көрөт, андан кийин энеси аркылуу айлана-чөйрө менен, курчап турган дүйнө жана башкалар менен таанышат, жана таанып билип, сүйлөшөт [4].

Эне - мээримдин булагы. Андагы мээримдүүлүк баладагы сүйүүнү ойготот, курчап турган дүйнөгө, жашоого куштарлантат, ынтызар туйгуларын жаратып, адамдык асыл сапаттарга талпынтат. Мунун өзү үй-бүлө тарбиясындагы баасы жок касиет. Кызга эненин тарбиясы – кыздын инсандыгын калыптандырууга жана анын келечегине чоң таасирин тийгизген негизги процесс. Эне биринчи үлгү болуу менен кызынын баалуулуктарын, жүрүм-турум нормаларын жана коомдук көндүмдөрүн калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Эмоционалдык колдоо, ачык баарлашуу жана чогуу убакыт, кызына болгон ишенимди жана туруктуулукту өнүктүрүүгө жардам берген ишенимдүү жана бекем мамилеге негиз түзөт. Бүгүнкү күндө кыздарды колдоо жана өнүктүрүү - келечекте ийгиликтүү жана бакубат коомду түзүүнүн ачкычы.

Кыз өзүнүн үйүндө мейман деп саналгандыктан, бир эле өзүнүн үй-бүлөсүнө эмес, туугандарына, кошуналарына, бир көчөдө жашагандарга тегиз, түз, калыс, жылуу мамиле жасап, аларды сыйлап,

ыйбаа кылып, улууларга адептүүлүгүн көрсөтүп, кичүүлөрүнө үлгү болуп өскөн. Кыздарды тарбиялоодо эненин ролу жана жоопкерчилиги чоң.

Биздин менталитетте энелер, жеңелер көзөмөлдөп, элдик педагогиканын негизинде кыраакы тарбия беришкен.

Ар бир эне өзүнүн кызын тарбиялуу аруу, таза, кол жеткис, ыйык кылып тарбиялоого тийиш.

Эркек балдарга караганда кыздар эрте жетилип, сезимтал, чыйрак жана ар нерсеге дилгир болуп, турмушка болгон көз карашы эрте артылат эмеспи. Ошондуктан аларды кичине кезинен колунан келе турган ишти жасатып үйрөтүш керек, ал кыз кийинки турмушуна даяр болот да учуру келгенде көп кыйналбайт [5].

Жыйынтыктап айтканда, келечек муундун пайдубалы катары кыздардын ролу актуалдуу гана эмес, туруктуу жана адилеттүү коомго жетишүү үчүн да зарыл. Жашоонун түрдүү чөйрөлөрүндө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу жана кыздардын укуктарын коргоо гендердик теңчиликке жана туруктуу социалдык өнүгүүгө жетишүүнүн негизги аспектиси болуп саналат.

Кыздардын коомдук турмуштун түрдүү аспектилерине, анын ичинде билим берүү, экономика, саламаттыкты сактоо жана саясатка кошкон салымын таануу маанилүү.

Кыздардын өнүгүүсүнө жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө инвестиция салуу бүтүндөй коомго пайда алып келет деп ишенебиз, анткени алар азыркы учурда гана эмес, коомдун келечегин калыптандырууда да маанилүү роль ойнойт. Биздин милдет – ар бир кыз өзүнүн дараметин ишке ашыра турган, коомдун өнүгүшүнө салым кошуп, келечек муундун бекем пайдубалына айлана турган шарттарды түзүүсү зарыл.

## Адабияттар


1. Алымбаева, Б.Б. Балдарды тарбиялоодо ата-эне жана мектептин биргеликте кызматташуусу / Б.Б. Алымбаева, Э.С. Сабырова // Ата-энелер, класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек, 2021. – 78 б.
2. Бүгүнкү күндө аялдардын коомдогу орду кандай? [Электронный ресурс] // Maralfm.kg. – 2019. – 7 март. – URL: https://maralfm.kg/archives/338004 (дата обращения: 25.05.2024).
3. Алымбаева, Б.Б. Балдарды тарбиялоодо ата-эне жана мектептин биргеликте кызматташуусу / Б.Б. Алымбаева, Э.С. Сабырова // Ата-энелер, класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек, 2021. – 90 б.
4. Мектептин тарбиялык сабактары 5-класс [Электронный ресурс] // Kao.kg. – URL: https://kao.kg/wp-content/uploads/2020/04/5 (дата обращения: 25.05.2024).
5. Ata_ene_mektebi [Электронный ресурс] // Instagram. – URL: https://www.instagram.com/ata_ene_mektebi/?img_index=1 (дата обращения: 25.05.2024).